**№ 52 ЖОББМ**

**2019-2020- окуу жылындагы тарбия иштеринин анализи**

№ 52 ЖОББМде "Мен –Кыргызстандын атуулумун" тарбия иштеринин программасы ишке ашырылууда.

Өлкөбүздүн татыктуу атуулун тарбиялоо – мамлекеттин өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири. Билимдүү атуул – Ата Мекенин сүйгөн, коомдогу өзгөрүүлөргө кайдыгер болбогон, өзүнүн адамдык укугун коргой алган адам. Атуулдук түшүнүк баланын өз укуктарын жана өзүнө, үй -бүлөсүнө, жамаатына, туулган жерине, Жер планетасына болгон милдеттерин өздөштүрүүгө жана аларды ишке ашырууга түрткү берет. Бул көйгөйлөр философиялык, социалдык, экономикалык гана болбостон, педагогикалык да болуп эсептелинет. Четтен байкоочуну тарбиялабастан,чыныгы шмер атуулду тарбиялоо керек. Атуулду калыптандырууда адегенде андан адамдык сапатты көрүшүбүз керек. Педагогикалык көз караш боюнча атуул –рухий жана адеп-ахлактык, укуктук милдеттин биримдигине ээ болгон өзгөчө жеке адам.

«Мен- Кыргызстандын атуулумун» программасынын эн негизгиси- окуучунун атуулдук калыптанышына,өз алдынча билим жана өз алдынча тарбия алуусу үчүн бардык шарттарды түзүүгө бирдиктүү мамиле кылуу. Окуучуларга өздөрүнүн жашоо тажрыйбасы менен тандап алууга, коомдук чөйрөсүнө кирүү менен коомдук жана тарыхый тажрыйбасын үйрөнүүгө жардам берүү үчүн коомдук чөйрөнүн педагогикалык дараметин пайдалануу маанилүү.

Программанын максаттары:

1.Ынтымактуу окуучулук жамаатты түзүп, ошол жамаатта ишеним кырдаалында бир командада иштөөнү каалоо, достук жана өз ара жардам көрсөтүү максатында тарбия берүү ишинин системасын түзүү.
2. Ар бир окуучунун өз алдынча өрчүшүн жүзөгө ашыруу үчүн негизги жана орто билим берүү системасын, мектеп жана үй-бүлө, мектеп жана коомдун тутумун андан ары өркүндөтүү аркылуу шарттарды камсыз кылуу.
3.Терс адаттарды четке кагуу менен маданий-билим берүүнүн, жашоого ылайык маданияттын, адамдардын өз ара жүрүм-турум нормаларынын эрежелерине негизделген класстык чөйрөнү калыптандыруу.
4.Класстык өзүн өзү башкаруу системасын, салттарын түзүү жана бекитүү.

Программанын милдеттери:

- ✓ Атуулду, патриотту тарбиялоо;
- ✓ Окуучулардын чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрүү;
- ✓ Окуучулардын өзүн өзү башкаруу иштерин жакшыртуу;
- ✓ Жашоонун сергек мүнөзүн ан сезимдүү калыптандыруу;
- ✓ Ата энелер менен иш алып барууну жакшыртуу.

Алдыга коюлган максаттарды ишке ашыруудагы тарбия иштеринин багыттары:

- ✓ Атуул – патриоттук жана укуктук тарбиялоо;
- ✓ Ыйман- эстетикалык тарбиялоо;
- ✓ Экологиялык тарбия жана эмгекке тарбиялоо
- ✓ Интеллектуалдык- таанып билүү ишмердүүлүгү;
- ✓ Спорт- ден соолукту чындоого тарбиялоо;
- ✓ Окуучулардын өзүн өзү башкаруусу;
- ✓ Укук бузууну алдын алуу.

Тарбия иштеринин багыттары "Мен- Кыргызстандын атуулумун" программасында:

«Мен жана ыймандуулук» - өзүнө жана чөйрөсүндөгүлөргө болгон уулдук мамилени калыптандыруу.
"Мен жанаүй-бүлө»- өз үй-бүлөсүнө атуулду мамиле жасоосун калыптандыруу.
«Мен жана мектеп» - мектепке болгон атуулдук мамилени калыптандыруу.
"Мен жана маданият» -искусствого болгон мамилени калыптандыруу.
«Мен жана Ата Мекеним" – Ата Мекенге болгон атуулдук мамилени калыптандыруу.
«Мен жана Планета» - Жер Планетасына атуулдук мамиле кылууну калыптандыруу.

Тарбия иштеринин максаттарын жана милдеттерин ишке ашырууда күтүлүүчү жыйынтыктар:

- ➢ Ар бир чыныгы инсан мекенин сүйөт жана аны менен сыймыктанат, анын тарыхый – маданий мурастарын окуп үйрөнөт жана мекенин коргоодо инсандык парызын аткарууга милдеттүүлүгүн түшүнөт;
- ➢ Ан сезимдин, тартиптин жогорку деңгээли, адамдын өмүрүн баалоо, адилеттүүлүктү, кайрымдуулукту, адамдык кадыр-баркты, боорукердикти, мээримдүүлүктү урматтоо жана сыйлоо;
- ➢ Адамдын турмушундагы билимдин ролун түшүнүү, "окуучу-мугалим", "окуучу-окуучу" этикалык мамилелерди өздөштүрүү, окуучунун милдеттерин жана күнүмдүк мектеп иш тартибин аткаруу менен окуучунун укуктарын колдоно билүү, бири-бирине болгон урмат-сый мамилени сактай билген мектепке камкор кожоюн болуу;
- ➢ Окуучулар Жер планетасын сактап калуудагы жоопкерчилигин сезет. Чыныгы атуул жаратылышты сүйөт жана сактайт, Жер жүзүндө тынчтыкты сактоодо активдүү позицияда болот;
- ➢ Курчап турган айлана – чөйрөдөгү керемет көрүнүштөрдү көрө билүүнү, көркөм чыгармачылыкка жана искусство ийримдерине катышууну өздөштүрүү.

Тарбия иштеринин планын ишке ашыруу мектеп директорунун, мектеп директорунун ОТИ жана ТИ боюнча орун басарларынын, класс жетекчилердин,

мектеп психологунун, социалдык педагогдун, уюштуруучу мугалимдин, спорттук секциялардын жана МУБ жетекчилеринин катышуусунда жүргүзүлдү.

Таажы вирусунун каптап келишине байланыштуу 2019-2020- окуу жылынын 4-чейрегине пландаштырылган тарбиялык иш -чараларды уюштуруу жана өтүү формаларына түзөтүү киргизилүү менен татыктуу жана жакшы сапатта ишке ашырылды.

Тарбия иштеринин планын ишке ашыруу Билим күнүнө арналган салтанаттуу иш -чарадан жана "2019 – жыл – Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылынын" чегинде тематикалык класстык сааттан башталды. Жаңы окуу жылынын башында жашы жете элек өспүрүмдөр менен иш алып баруу инспекциясы,№9 үй -бүлөлүк дарыгерлер тобунун борбору менен, Свердлов райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмү, Республикалык Наркологиялык борбору менен биргеликте иш алып баруу максатында өз ара кызматташуу пландары түзүлдү.

2019-2020- окуу жылында 44 класстык жамаат түптөлдү. Класс жетекчилер жамааты тууралуу маалымат:жалпы саны- 35, жаш класс жетекчилердин саны –7 (1-В,2-Г, 5-Б, 5-В, 6-Г, 6-К,11-Б). Көпчүлүк класс жетекчилердин класс жетекчилик тажрыйбасынын болушу тарбия иштеринин милдеттерин ишке ашырууда чон өбөлгү болот.

**Атуул - патриоттук , ыймандуулукка тарбиялоо багытында**

Мектептин тарбиялык ишмердүүлүгүндө тарбия иштеринин руханий, адеп-ахлактык жана эстетикалык багыты өзгөчө орунду ээлейт. Ал руханиятка тарбиялоону жана жашоонун адеп-ахлактык, көркөм-эстетикалык нормаларын өнүктүрүүнү, жүрүм-турум эрежелерин жана ар-намыс, абийир жана адамдык ар-намыс, адилеттүүлүк жана гумандуулук сыяктуу баалуулуктарды калыптандырууну, ошондой эле турмуштук кырдаалдар (моралдык жана адеп-ахлаксыздык), моралдык аракеттерди моделдөөнү камтыйт.

- ✓ КР Мамлекеттик Тил жөнүндөгү мыйзамынын кабыл алынышынын 30-жылдыгына карата үч айлыктын планы бекитилип иш чаралар өтүлдү.
- ✓ 15-сентябрдан – 15- октябрга чейин «Улгайган курактагы адамдарга көңүл буруу жана камкордук" бир айлыгы өткөрүлдү:

  Класстык сааттар. 6-К класстын класс жетекчиси Койгелдиева Т.Б өткөн класстык саатын белгилеп кетким келет. Камкордук акциясы – мектеп чегинде жашаган 85 кары адамдын тизмесин түзүп, азык – түлүк куржунун тапшыруу;"Карылар – калк бактысы" видеороликтер сынагына даярдык жана катышуу окуучулардын өзүн – өзү башкаруу Кеңешине тапшырылып, Фисунов Илья (11-А) активдүү катышкандыгы үчүн Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын мактоо баракчасын алды.
- ✓ Чыгаан инсандардын жашоо- чыгармачылыгына арналган иш -чаралар:

С.Чокморовдун 80-жылдыгына: класстык сааттар. Класс жетекчилер Кадыркулова Н.У (2-К), Садыкова Н.Б (6-А), Шаршенбекова Г.Т(7-Г) өткөн класстык сааттардын сапаты жогору болгонун айта кетсем. Технология сабактарында окуучулар С. Чокморовдун маарекесине арналган сүрөт тартуу тапшырмасын аткарышты. Жооптуу мугалим Жоомарт к Нуржан.

Т. Усубалиевдин 100- жылдыгына тарых сабагынан өткөрүлгөн сабактар. Жооптуу мугалимдер Ахметшин Р.Ю, Новохацкая Н.М.

*Атуул - патриоттук тарбиялоонун бир айлыгынын ичинде өткөрүлгөн иш чаралар*:

- ✓ Советтик аскерлердин Афганистандан чыгарылыш күнүнө, 23- февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө арналган тематикалык класстык сааттар;
- ✓ 10-А класстын катышуусунда класс жетекчиси Абакирова Р.О өткөн тематикалык класстык саат;
- ✓ Кой -Таш аскер бөлүгүнүн кызматкеринин катышуусунда Ата Мекенге кызмат кылууга үгүттөгөн видеороликтерди тартуулоо менен 10-11 класстардын окуучуларынын катышуусундагы Эрдик сабагы;
- ✓ 21- февраль Эне тил күнүнө арналган класстык сааттар, иш- чаралар;
- ✓ Мамлекеттик Туу күнүнө арналган салтанаттуу тизилүү.

*Улуу Жеништин 75- жылдыгына арналган иш чаралар:*

- ✓ 9-11- класстын окуучулары Кыргыз Республикасындагы «Жениш волонтерлору» эл аралык кыймылынын өкүлдөрү менен жолугушуп, иш - чарага активдүү катышып мактоо баракчаларына ээ болушту;

Онлайн форматында:

- ✓ «Фронттун каттары» акциясынын чегинде «Өлбөс каттар » аттуу 8 видеоролик: 1-В Данишевская А.А, 5-А Хван М.С, 5- Б Калыбекова А.К,6-В Тиленбаева Ж.Ж, 6-А Садыкова Н.Б, 7-В Зулпукарова Г.К,10-А Абакирова Р.О, 8-В Жумабаева Н.Д, даярдалып , бешөө социалдык тармактарга жайгаштырылган. Алардын ичинен калыстар тобунун чечими боюнча 5-А класстын иши «Евразиялык тандоо» бөлүгүнө жүктөөгө татыктуу болду;
- ✓ Тематикалык класстык сааттар: 1-К Мурсаева Г.К «Алар Ата Мекен үчүн күрөшкөн!», 6-К Койгелдиева Т.Б «Улуу Женишке 75 жыл», 8-А Высоцкая Н.М «Жеңиш күнү» өтүлдү;
- ✓ Информатика мугалими Шаршенбекова Г.Т окуучулар тарабынан компьютерде тартылган сүрөттөрдүн, технология мугалимдери Жоомарт к Нуржан, Асранова Г.С кол менен тартылган сүрөттөрдүн онлайн көргөзмөсүн уюштурушту, видеороликтерди даярдашты; бул иш -чаралар Свердлов райондук билим берүү борборунун социалдык тармагына жүктөлдү;
- ✓ Тарых мугалими Ахметшин Р.Ю тарабынан даярдалган видеоролик Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан

уюштурулган «Аталардын эрдигин даңктайбыз» аттуу республикалык онлайн- фестивалына жиберилди;

- ✓ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган «Аталардын эрдигин даңктайбыз» аттуу республикалык онлайн- фестивалында «Көркөм окуу» номинациясы боюнча 8-А класстын окуучусу Кузнецова Влада, 4-Б класстын окуучусу Дуйшоева Рояна, 5-А класстын окуучусу Кадырбеков Айдар дипломант наамдарына ээ болушуп диплом менен сыйланышты;
- ✓ Биздин окуучулар Россияда өткөрүлгөн онлайн фестивалга катышып дипломдорго ээ болушту: Максим Логинов (3-А), Нурбаева Арууке (3-А);
- ✓ Окуучулар Кеңеши "Георгий лентасы" акциясын колдоп социалдык тамактарга жүктөштү, мектеп ичинде "Өлбөс полк» акциясын уюштурушту. Бул акцияга маалымат даярдоодо окуучулар жана ата – энелер менен активдүү иш алып барган класс жетекчилер: Свирина Н.А, Ганина Н.А, Ганина И.А, Самойлова М.В, Кадыркулова Н.У, Высоцкая Н.М.

Жарандык-патриоттук тарбия балдарда өзүнө, мекендештерине сыймыктануу сезимин калыптандырууга, өз өлкөсүнүн жетишкендиктерин жана өткөн тарыхый окуяларды урматтоого жардам берет.

Мектеп окуучуларын тарбиялоодо граждандык-патриоттук тарбиялоонун ролун баалабай коюу туура эмес. Анткени, мекенчилдикке тарбиялоо – бул өз мекенине болгон сүйүүнү калыптандыруу, ошондой эле жарандардын жоопкерчилигин жана коомдук активдүүлүгүн тарбиялоо. Жарандык-патриоттук тарбиянын абалын талдап көрүп, бул багыттагы иштер өз деңгээлинде жатыйжалуу жүрүп жатат деген тыянак чыгарууга болот.

## Окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу

Заманбап шарттарда билим берүүнүн коопсуздугун камсыз кылуу билим берүү мекеменин ишинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул баарыдан мурда акыркы жылдардагы тобокелдиктердин сапаттык өзгөрүшү, терроризм актыларынын коркунучунун жана экологиялык
көйгөйлөрдүн таасиринин курчушуна байланыштуу экендиги маалым.
Бул иш-аракеттин объектиси болуп коопсуздук эрежелери, жарандык коргонуу боюнча чаралар, террористтик актыларды алдын алуу жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө, эмгекти коргоо талаптары эсептелет.
Жол коопсуздугуна арналган бир айлык пландаштырылып, төмөнкү иш -чаралар өтүлдү:

- Тематикалык класстык сааттар;

- Класстык бөлмөлөрдө жол коопсуздугу боюнча балдардын өз колу менен жасалган материалдардын жана сүрөттөрдүн көргөзмөлөрү уюштурулду;
- Класстык бөлмөлөрдө жол коопсуздугу боюнча бурчтар жаңыртылды;
- Орус тили жана адабияты мугалими Хван М.С 5-класстардыын окуучуларынын арасында "Айдоочуга кат" аттуу эссе жаздырып, эн мыкты иштердин көргөзмөсүн уюштурду.
- 1-7 класстын класс жетекчилери окуучулардын күндөлүктөрүндө каттам барактарынын болушун камсыз кылышты.

5-октябрь - Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу күнүнө арналган Свердлов райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмү уюштурган "Өзгөчө кырдаалсыз жашоо!" райондук иш -чарага 6-К класстын "101" командасы катышып, өрт коопсуздугун сактоо боюнча агитбригадасын тартуулашты. Даярдаган мугалимдер Кадыркулова Н.У, Койгелдиева Т.Б.

Окуучулардын жол коопсуздугу боюнча «Орион» театрынын спектаклин көрүүсү уюштурулду.

Жол коопсуздугун сактоо боюнча биздин мектепке бектитилген инспектордун катышуусунда атайын даярдалган видеороликтерди көрсөтүү менен башталгыч класстардын окуучуларына иш -чаралар уюштурулду.

Ар бир чейрек аягындагы жыйынтыктоочу класстык сааттар учурунда ЖЖЭ. ӨСЭ. КЭ боюнчча окуучуларга инструктаж өтүлүп турду.

Кыргыз Республикасынын калкты жана аймактарды жаратылыш жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын, терроризм актыларынын коркунучунан коргоо мыйзамын, Граждандык Коргонуу штабынын жана Свердлов БББ графигине ылайык Граждандык коргоо күнү өткөрүлдү. Иш -чара тематкалык класстык саатар, өзгөчө кырдаалдардын коркунучу пайда болгондогу шашылыш эвакуация учурундагы кыймыл аракеттер боюнча машыгуу, кырсыктагандарга биринчи жардам көрсөтүүнүн ыкмаларын тааныштыруу менен коштолду.

Мектепте окуучулардын өмүрүн жана ден соолугунун коопсуздугун сактоо боюнча бир топ иштер аткарылууда. Мугалимдер жамаатынын ар бир мүчөсү сабак, класстан тышкаркы иш- чаралар учурунда окуучулардын коопсуздугу үчүн жоопкерчиликтүү болот.Окуу жылы ичинде окуучулардын коопсуздугун камсыз кылууга пландаштырылган иш -чаралар тиешелүү деңгээлде аткарылып келди.

**Эстетикалык тарбия берүү**

- 11-А,Б класстарынын окуучулары класс жетекчилери Абакирова Р.О, Абдуллаева Ж.М жетекчилиги астында мугалимдер күнүнө майрамдык концерттик программа даярдашты;

- Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 2- К,3-К, 4-К, 5-К, 6–К класстарынын 100 окуучусу КР Мамлекеттик Тил жөнүндөгү мыйзамынын кабыл алынышынын 30- жылдыгына арналган М. Жангазиев атындагы Кыргыз Мамлекеттик куурчак театрынын спектаклин көрүштү;
- 54 окуучу кыргыз циркинин программасына барып келишти;
- 11-А,Б класстарынын окуучулары 11-А класстын класс жетекчиси Абдуллаева Ж.М жетекчилиги астында 8- март -Эл аралык аялдар күнүнө арналган майрамдык концерттик программа даярдашты;
- 4-чейрек учурунда окуучуларга жана ата – энелерге музейлерге онлайн эскурсиялар, театрлардын онлайн спектаклдерине барууга сунуштар, багыттамалар берилди;
- Жеништин 75- жылдыгына, 1- июнь балдарды коргоо күнүнө, жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу багытында сүрөт; компьютердик сүрөт тартуу иш -чаралары уюштурулду;
- Жеништин 75- жылдыгына, 1- июнь балдарды коргоо күнүнө, жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу багытында окуучулардын, ата – энелердин, класс жетекчилердин, сабак берген мугалимдердин биргелешкен кызматташтыгынан азыркы мезгилдин талабы болгон челленджлер, фото жана видеороликтер, презентациялар жаралып жатты;
- 1-К класстын класс жетекчиси Мурсаева Г.К онлайн түрүндө "Кош бол, Алиппе!" майрамын өткөрдү;
- 11-Б класстын класс жетекчиси Абакирова Р.О бүтүрүүчүлөргө арналган"Акыркы коңгуроо" салтанатын онлайн түрүндө мыкты уюштурду.

**Коррупцияга каршы иш аракеттер**

- "Коррупцияга жол жок!" мектеп тактасы жаңыртылды;
- Кыргыз Республикасынын Генералдык Прокуратурасы тарабынан уюштурулган сынактардын 1- этабынын "Баарыбыз коррупцияга каршыбыз!" плакаттар сынагына 9-А класстын окуучулары Дабанаева Динайым, Жанабилова Азима; "Баарыбыз коррупцияга каршыбыз!"видеороликтер сынагына 11-А класстын окуучусу Хван Анна катышышты;
- Билим жана илим министрлигинин, Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын, Свердлов райондук билим берүү борборунун, мектеп ичиндеги коррупцияга каршы күрөшүү буйруктары менен мугалимдер жамаатын тааныштуруу максатында чогулуштар өтүлдү;
- Мектепте ишеним телефону, электрондук ишеним почтасы иштейт;
- Ата – энелер кайрылуусу жазыла турган журнал ачылган;
- 10-11 – класстын окуучуларынын арасында эсселер, сүрөт сынагы уюштурулду;

- 1- класска кабыл алуу «Мектепке электрондук жазылуу» аркылуу иш жүзүнө ашырылууда;
- «Мен таза болсом, сен таза болсоң, коом да таза болот», « Коррупцияга жол жок!» ж.б тематикалык класстык сааттар өтүлдү.

  11-А класста класс жетекчиси чАбдуллаева Ж.М ачык класстык саат өттү;
- КМЮА тарабынан уюштурулган "Мен жана менин укутарым" эсселер сынагына 11- класстын окуучулары Тюменцева Дарья, Курбанов Бактияр, Хван Анна өз иштерин жөнөтүштү.

Иш-чаралар билим берүү процессинин катышуучуларынын коррупцияга каршы аң-сезимин калыптандырууну; мектепке кирип жаткан материалдык-техникалык каражаттардын ачык-айкын бөлүштүрүлүшүн камсыз кылууну; мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн документтерин берүүнүн ачык-айкындыгын камсыз кылууну көздөйт. Иш -чаралар мектептин иш планына ылайык жетиштүү денгээлде өткөрүлүп жатат.

**Балдардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, балдарга зомбулук көрсөтүүнү алдын алуу**

- ✓ Класстардын социалдык паспорттору түзүлдү;
- ✓ Класстардын социалдык паспортунун негизинде мектеп боюнча социалдык маалыматтык база төмөндөгүдөй болду:

| Окуужылы | Жетимдер | Жартылай жетимдер | Инвалид окуучулар | Үй шартында окуган окуучулар | Аз камсыз болгон үй-бүлөдөн | Көп балалуу үй- бүлөдөн | Толук эмесүй- бүлөдөн | Чернобыл авариясынынкесепетинчеттеке нлердин | Баткен окуясынын катышуучусунун | Афган согушунун катышуучусунун | Качкындар | 7 апрель окуяларынын катышуучусунун | Жайсыз үй- бүлөдөн | Инвалид ата-эне | Жалпы саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2019-2020 1-жарым жылдык | 2 | 52 | 5 | 1 | 10 | 60 | 83 | - | 2 | - | - | - | 8 | 6 | 229 (16%) |
| 2019-2020 2- жарым жылдык | 3 | 52 | 4 | 1 | 8 | 69 | 83 | - | 2 | - | - | - | 8 | 6 | 236 (17%) |

Таблицадагы маалыматка ылайык жетим окуучулардын саны, көп балалуу үй – бүлөлөрдүн баладарынын саны өскөн. Ал эми мүмкүнчүлүгү чектелген бир окуучунун башка мектепке которулгандыгына байланыштуу саны өзгөргөн.

- ✓ Тобокел тобунун – ички (3) жана сырткы (50) эмгек мигранттарынын балдарынын маалыматтык базасы түзүлдү;

- ✓ 5-7 класстын аз камсыз үй- бүлөдөн болгон 39 окуучусу акысыз тамактандырылды;
- ✓ 8-Б класстын окуучусу Корецкий П (паспорт алуу маселеси), 5-В класстын окуучусу Махаббатов Ы (атасы менен жашап жаткандыгы) тууралуу Аламедин жана Свердлов райондук Социалдык Өнүгүү башкармалыктарына, 7-Б класстын окуучусу Москаленко Т ден соолугу боюнча №9 ҮДБ жетекчилигине жолдомолор жөнөтүлдү;
- ✓ Аз камсыз жана жайсыз үй- бүлөдөн болгон окуучулардын жашоо шарты менен таанышуу, балдарга зомбулук көрсөтүүнү алдын алуу максатында "Камкордук", "Жайсыз үй - бүлө " рейддери класс жетекчилердин, ата-энелер комитетинин, социалдык педагогдун катышуусунда жүргүзүлдү;
- ✓ Мектепте аз камсыз болгон үй- бүлөлөрдүн балдары катыша ала турган акысыз ийримдер иштейт: мектеп газетасы, мектеп музейинин активисттери, туризм, спорттук секциялар- баскетбол, волейбол, футбол,таэквондо, предметтик-математика, кыргыз тили; Окуучулар мектептен сырткаркы ийримдерге да катышышат. Ийримдерге катышкан окуучулардын жалпы саны 326 (24%) болду.

*2019-жылдын 26-ноябрынан 10 –декабрына чейин балдарга карата зомбулукка жана гендерлик зордук-зомбулукка каршы 16 күндүк маалымат кампаниясы учурундагы иш чаралар:*

- ✓ Тематикалык класстык сааттар;
- ✓ 3-4 класстар арасында 10 окуучудан турган курамдар арасында (5 бала жана 5 кыздан) спорттук эстафета. Жооптуулар: окуучулар Кеңеши, класстан тышкаркы иш -чараларды уюштуруучу Койгелдиева Т.Б, класс жетекчилер. 4- класстар арасында 1- орунду 4-Б класс (Ганина И.А), 2- орунду 4-А класс (Панова Е.М), 4-В класс (Польшина Л.А), 3- орунду 4-Г класс (Бакаева Е.В), 4-Кkласс (Деркенбаева К.Б) ээлешти. 3-класстар арасында 1-орунду 3-К класс (Куланбаева Н.А), 2- орунду 3-А класс (Ганина Н.А), 3-В класс (Польшина Л.А), 3- орунду 3-Б класс (Свирина Н.А), 3-Г класс (Таипова А.С) ээлешти. Иш -чарага 3-4 класстардын катышуусу 100% түздү. 100 окуучу курамда болушса, калгандары ураандарды көтөрүшүп күйөрмандар болушту. Класс жетекчилер тарабынан даярдык иштери жакшы дэңгээлде жүргүзүлгөндүгү көрүнүп турду: мелдешкен курамдардын сырткы формасы 3-А класс (Ганина Н.А), 3-Б класс (Свирина Н.А), 4-Б класс (Ганина И.А), 4-А класс (Панова Е.М)
- ✓ Окуучулар Кеңешинин мүчөлөрү толеранттуулукту калыптандыруу максатында ЮНИСЕФ уюму тарабынан өткөрүлгөн тренинге активдүү катышышты.

*Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга камкордук жана колдоо, толеранттуулукту калыптандыруунун*

*«Биз биргебиз!» бир айлыгы (20.11.19-20.12.19) ичинде өткөрүлгөн иш чаралар:*

- ✓ «Биз биргебиз!» кайрымдуулук акциясы – балдарга арналган китептерди, окуу куралдарын, кир жуучу жана жуунуучу каражаттарды чогултуу;
- ✓ Тематикалык класстык сааттар;

- ✓ Балдарга зомбулук көрсөтүүнү алдын алуу максатында “Камкордук”, “Жайсыз үй - бүлө” рейддери класс жетекчилердин, ата-энелер комитетинин, социалдык педагогдун катышуусунда жүргүзүлдү;
- ✓ БУУ балдардын укугу боюнча Конвенцияны кабыл алышынын 30 жылдыгына жана анын Кыргызстан тарабынан таанылышынын 25 жылдыгына арналган иш -чарага окуучулар Кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү катышышты;
- ✓ Музыканын коштоосунда жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү аткаруу боюнча “Биз биргебиз!” аттуу мелдеш 5-6 класстар арасында өткөрүлдү. 5-класстар арасында 1-орунда 5-Б класс (Калыбекова А.К), 2-орунда 5-К класс (Назарбекова К.Б), 3-орунда 5-А класс (Хван М.С). Мелдеш учурунда баарыбызга жагымдуу, мактоого татыктуу, күтүүсүз жаңылык болду, бул 5-Б класстын жаш класс жетекчиси Калыбекова А.К классы менен чогуу чыгып көнүгүүлөрдү аткаруусу, бийлөөсү болду. Мындай кадамдар класс жетекчи менен окуучулардын ортосундагы мамилени чыңдайт, класс жетекчинин бедели өсөт.

  6-класстар арасында 1- орун 6-А класс (Садыкова Н.Б) и 6-К класс (Койгелдиева Т.Б), 2- орун 6-Б класс (Карабаева Г.Т), 3- орун 6-В класс (Тиленбаева Ж.Ж) и 6-Г класс (Жумабекова А.Ж). 5-6 класстардын класс жетекчилери жогорку деңгээлде даярдык көрүшүп, класстагы окуучулардын иш -чарага толук катышуусун камсыз кыла алышты.

Бул иш -чараны өткөрүүдө 5-В класстын класс жетекчиси тарабынан класс жетекчилик милдеттерин аткарып класстты мелдешке даярдап катыштыра алган жок.

Класс жетекчиси Новахацкая Н.М тарабынан иш алып барылган эмес.

- ✓ 9-11 класстар арасында “Жаңыланган жомок” аттуу иш-чарасы өттү. Класстардын катышуусу 100% түзүп, жакшы даярдыкты, класс жетекчилердин чыгармачылык мамилесин көрсөттү. Бирок, класс жетекчилерге окуучулардын массалык катышуу жагы, иш -чаранын тарбиялык мааниси эске алынышы талап экендиги эскертилди.
- ✓ Аз камсыз үй- бүлөлөрдүн тизмегинде турган 16 окуучуга Свердлов райондук администрациясы тарабынан таттуу белек берилди;
- ✓ Көп балалуу үй- бүлөнүн кызы, окуунун мыктысы Талантбекова Бурулсун (4-Б) Бишкек шаарынын мэриясы уюштурган жаңы жылдык балатыга чакыруу алды;

*1-июнь балдарды коргоонун Эл аралык күнүнө:*

- ✓ Жогорку деңгээлде өткөрүлгөн онлайн - тематикалык класстык сааттар (көркөм окуу, ыр, бий, суроо – жооп, балдардын тарткан сүрөттөрүнөн көргөзмө, балдардын укуктары боюнча маалымат камтыган): 3- класстар (Ганина Н.А, Свирина Н.А, Польшина Л.А, Таипова А.С), 4- класстар ( Панова Е.М, Ганина И.А, Польшина Л.А, Бакаева Е.В); 2-Б (Еремеева А.А, Корсукова Ю.М, Таипова А.С, Сулайманова А.Ж).
- ✓ Балдарды коргоо күнүнө арналган мыкты куттуктоо видеороликтери, презентациялары даярдалды: Данишевская А.А (1- класстардын класс жетекчилеринин атынан), Калыбекова А.К(5-Б), Батырбекова А.А (7-А),

Куланбаева Н.А (3-К), Зулпукарова Г.К (7-В), Жумабекова А.Ж (6-Г),Тиленбаева Ж.Ж (6-В),Деркембаева К.Б (4-К), Койгелдиева Т.Б (6-К), Жумабаева Н.Д (8-В), Кидрачева Г.А (8-Б);

- ✓ Балдар майрамына арналып мектеп газетасынын «Балдар – жашоо гүлү» аттуу жаңы саны чыгарылды, ийримдин жетекчиси Бектурсунова М.Т;
- ✓ Технология сабагынын мугалими Асранова Г.С балдар сүрөттөрүнөн музыкалуу онлайн- көргөзмө уюштурду;
- ✓ Мектеп психологу Асранова Г.С балдарга болгон зомбулукту алдын алууга багытталган, балдар коргоо муктаж экендигин чагылдырган сүрөттөрдүн коштоосунда музыкалуу видеороликтер даярдады.

Мектепте балдардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, балдарга зомбулук көрсөтүүнү алдын алуу боюнча иштерди талдоо бул багытта мектеп тарабынан пландаштырылып жана өткөрүлүп жаткан иштердин тийиштүү деңгээлде экендигин тастыктады. Мындан ары дагы бул багытта иштерди аткарууда социалдык жактан аялуу, эмгек мигранттарынын балдары менен иш алып барууга өзгөчө көңүл бурулат. Иш -чаралардын эффективдүү ыкмаларын колдонуу, балдардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо уюмдары (СӨБ, МТБ, БҮКБ) менен өз ара кызматташууну улантуу жана алардын мүмкүнчүлүгүн пайдалануу.

**КР « Кыргыз Республикасында укук бузууну алдын алуу тууралуу» мыйзамын ишке ашыруу, окуучулар арасында укук жана тартип бузууну алдын алуу**

Окуучулар арасында укук жана тартип бузууну алдын алуу иштери мектептеги тарбия иштеринин негизги багыттары бойдон кала берет.

- ➢ ЖЖӨИИ жана мектеп көзөмөлүндө турган, тобокел тобуна кирген окуучулар тууралуу маалымат базасы түзүлдү:

ЖЖӨИИ - жок
Мектеп көзөмөлүндө -6
Тобокел тобуна - 53 (50 тышкы жана 3 ички эмгек мигранттарынын балдары)
Жайсыз үй-бүлө – 8

- ➢ Мектеп Уставында жазылган “Окуучулардын милдеттери” менен тааныштыруу менен бардык класстарда класстык сааттар өтүлдү;
- ➢ Мектеп Уставында жазылган “Ата – энелердин милдеттери” менен тааныштырып кол койдуруу менен чогулуш болду;
- ➢ Слайдарды, видеороликтерди колдонуу менен 9-11 класстардын эркек балдарынын катышуусунда мушташтарды, рэкетти алдын алуу максатында ЖЖӨИИ инспектору иш алып барды;
- ➢ Слайдарды, видеороликтерди колдонуу менен ата-энелердин балдарды тарбиялоодогу жоопкерчилиги тууралуу ЖЖӨИИ инспектору иш алып барды;
- ➢ Окуучулар арасында укук жана тартип бузууну алдын алуу максатында даярдалган маалыматтык такта жаңыртылды;
- ➢ ЖЖӨИИ инспектору тарабынан окуучулар менен жекече иш алып баруулар болду;

- ЖЖӨИИ жана мектеп көзөмөлүндө турган окуучулар арасында өткөн спорттук мелдеште Абыкасов Даниял(9-А), Алымжанов Абдулла(9-Б) активдүү катышып, мактоо баракчаларына ээ болушту.
- Мектеп администрациясы, Укук бузууну алдын алуу кенешинин мүчөлөрү тарабынан окуучулар арасында укук бузууларды алдын алуу максатында жекече иш алып баруулар болду: Мойдунов Ш(7-Г), Мамутов Д(6-Б), Кулмурзаева Ч(10-Б), Жээнбекова А(10-Б), 6 –Б, 6-Г, 8-В жана 6-К класстарынын окуучуларынын арасындагы чыр чатакты чечүү боюнча;
- Балдардын сабактан сырткаркы убактысын уюштуруу максатында 3-5 класстын окуучулары Свердлов райондук Балдар Чыгармачылык Борборуна барып, ийримдердин иши менен таанышып, аларга катышууга жазылып келишти;
- Мектеп командасы «Мектеп лигасы» шаардык спорт программасынын бардык түрлөрү боюнча мелдештерине катышып райондук этаптарда байгелүү орундарга ээ болушту;
- Мектеп психологу Асранова Г.С, соцпедагогу Торгой к Ж тартиби боюнча көйгөй жаратып келе жаткан 6-Б класстын окуучулары менен «Биз жасаган иш аракеттерибизге жооптуубуз» деген темада тренинг өтүштү;
- ”Өспүрүм”, “Камкордук”, “Жайсыз үй - бүлө “ рейддери класс жетекчилердин, ата-энелер комитетинин, социалдык педагогдун, ЖЖӨИИ инспекторунун катышуусунда жүргүзүлдү;
- «Мектеп рэкети» форум – спектаклинин бет ачары биздин мектепте өтүп, 7-А жана 8-А класстарынын окуучулары көрөрман болушуп талкуулоого активдүү катышышты;
- «Республика Шкид» балдар- өспүрүмдөр театрынын «Стоп игра» спектаклин 8-Б, В класстарынын 25 окуучусу көрүшүп келишти;
- Окуучулар Кеңешинин төрагасы Сатыбалдиев Сухраб жана мүчөлөрү окуучулар арасында укук, тартип бузууну алдын алуу максатында уюштурулган шаардык иш -чараларга катышышты;
- Мектеп ичиндеги көзөмөлдө, “Жайсыз үй - бүлө “ жана тобокел тобунун тизмесинде турган окуучулардын сабакка жетишүүсүнө жана катышуусуна болгон көзөмөл класс жетекчилерге жана социалдык педагогко жүктөлүп, көзөмөлдөнүп турат. Бул багытта ата – энелер жана балдардын мыйзамдуу өкүлдөрү менен тыгыз иш алынып барып турат;
- КМЮА колледжинин окутуучулары жана студенттери 9-11 – класстын окуучуларына «Кооптуу оюн» темасында наркотикалык заттарды пайдалануунун кооптуулугу жана зыяндуулугу тууралуу тасмаларды көрсөтүү менен тренинг өтүштү.

Окуучулар арасында укук жана тартип бузууну алдын алуу ишин талдоонун жыйынтыгынга токтолсок, мектеп администрациясы, класс жетекчилер, психолог, соцпедагог, ЖЖӨИнын инспекторунун биргеликте ата-энелер жамааты жана окуучулар менен байма -бай профилактикалык иштерди жүргүзүүсүнүн натыйжасында ЖЖӨИна катталган окуучулар болгон жок. Ата-энелер чет өлкөлөргө иштегени кеткендиктен, эмгек мигранттарынын балдарынын саны өсүүдө, бул балдар менен тийиштүү иш- чаралар жеткиликтүү алынып барылып жатат.

Окуучулар арасында укук жана тартип бузууну алдын алуу иштери мектептеги тарбия иштеринин негизги багыттары бойдон кала берет, бул багытта жыйынтыктуу иш алып баруу боюнча иш аракеттер улантылат.

**Жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу максатындагы иш -чаралар**

- Класстык сааттар;
- "Либресс" компаниясы 5-класстын кыздарына өздүк гигиенаны сактоо тууралуу сабак өтүп, белектерди тапшырды;
- Кыргыз тил жана адабият, орус тил жана адабият мугалимдери вирустуу гепатитти, кутурманы, кургак учукту,сасык тумоону алдын алуу максатында жат жазууларды өткөрүштү;
- Ата – энелерге вирустуу гепатитти, тумоону, эхинококту алдын алуу боюнча лекция. Мектеп медайымы Белкина В.А.

*2019-жылдын 25-ноябрынан 2-декабрына чейин СПИД менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнө арналган жумалык ичинде:*

- №9 ҮДБ гинеколог врачы 9-11 класстын кыздары менен иш алып барды;
- Тематикалык класстык сааттар өтүлдү;
- Окуучулар Кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү СПИД менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнө арналган шаардык иш -чараларга катышышты;
- Жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу максатында 7-8 класстар арасында "Баарыбыз чогуу бийлейли" сынагы уюштурулду. 7-класстар арасында 1- орунду 7-А класс (Батырбекова А.А), 2- орунду 7-Б класс (Самойлова М.В), 7-В класс (Зулпукарова Г.К) ээлешти. 8- класстар арасында 1-орунда 8-А (Высоцкая Н.М), 8-Б класс (Кидрачева Г.А), 2- орунда 8-В класс (Жумабаева Н.Д). Класс жетекчилер тарабынан чыгармачыл мамиле жасалып, класстар жакшы деңгээлде даярданышып, класстагы окуучулардын массалык түрдө катышуусу камсыз болунду. 7-Г класс иш -чарага катышкан жок.
- Бүткүл дүйнөнү курчаган коронавирустан сактануу жолдору тууралуу класс жетекчилердин, предметтик мугалимдердин, 1-11- класстын окуучуларынын активдүү катышуусу менен видеороликтер тартылып мектеп сайтына, ата энелер жана окуучулар вотсап тобуна, социалдык тармактарга жайгаштырылды.
- Мектеп ичинде түзүлгөн график боюнча «Туура тамактануу», «Тамеки чегүү зыяндуулугу», «Алкоголь ичимдиктеринин терс таасири», « Наркомания – терс көрүнүш» иштелмелерди колдонуу менен 5-9- класстардын жетекчилери класстык сааттарды өтүштү, 9-К класстын окуучулары жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу боюнча онлайн тестирлөөгө катышып жакшы жыйынтыкты көргөзүштү.

**Экологиялык тарбия**:

- ✓ Мектеп жана анын тегерегиндеги территориянын санитардык абалын тазартуу жана жашылдандыруу максатында ишембиликтер өткөрүлүп турду;
- ✓ Биздин мектепте Р.Отунбаеванын фонду тарабынан экология боюнча уюштурулган Билим кербенине 6-А,Б класстарынын окуучулары катышышты. 6-

А класстын окуучулары экология боюнча жакшы билим дэңгээлин көрсөтүшүп, уюштуруучулардын мактоосуна татышты;

- ✓ Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ЮНИСЕФ Эл аралык толеранттуулук үчүн фонду демилгеси аркылуу ишке ашырылуучу "Балдар менен жаштарга жагымдуу шаар" социалдык инновациялар лабораториясына Бишкек шаарынын 17 мектебинин окуучулары сынактык шартта тандалып алынды. Алардын арасына биздин мектептин 10-А классынын 4 окуучусунан турган (Круглова Дарья, Сарбатырова Акылай, Уранова Зебуниса, Абдраимова Айчурек) топ кирди. Биздин мектептин тобу таштандыларды сорттоп чогултуу боюнча проект жазышып, бул проектисин ишке ашырууга акчалай сертификат алышты. Мектепке ноутбук берилди.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020- жылды Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы боюнча:**

- Балдардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, балдарга зомбулук көрсөтүүнү алдын алуу багыты боюнча аткарылган иш -чараларга жогоруда токтолуп өттүк;
- 1- класска кабыл алуу -«Мектепке электрондук каттоо» аркылуу иш жүзүнө ашырылууда;
- Мектепт жашоосун чагылдырып турган мектеп сайты иштөөдө;
- Окуу жылында "Электрондук күндөлүк", "Электрондук журнал" долбоорлору ишке киргизилди;
- Окуучуларыбыз Кыргыз Республикасынын Генералдык Прокуратурасы тарабынан уюштурулган "Баарыбыз коррупцияга каршыбыз!" плакаттар жана видеороликтер онлайн сынагынын 1- этабына катышышты;
- Мугалимдерибиз кесипкөйлүгүн жогорулатуучу онлайн курстарды өтүп, сертификаттарга ээ болушту;
- Башталгыч класстардын мугалимдери Ганина И.А, Еремеева А.А IV - чейректе Республикадагы окуучуларды аралыктан окутууга видеосабактарды даярдап тартылышты;
- IV- чейректе пландаштырылган иш -чаралар технологиянын жетишкендиктерин пайдалануу менен аралыктан онлайн форматында ишке ашырылды: окуучуларга жана ата – энелерге музейлерге онлайн эскурсиялар, театрлардын онлайн спектаклдерине барууга сунуштар, багыттамалар берилди; Жеңиштин 75- жылдыгына, 1- июнь балдарды коргоо күнүнө, жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу багытында сүрөт; компьютердик сүрөт тартуу иш- чаралары уюштурулду жана окуучулардын, ата – энелердин, класс жетекчилердин, сабак берген мугалимдердин биргелешкен кызматташтыгынан азыркы мезгилдин талабы болгон челленджер, фото жана видеороликтер, презентациялар жаралып жатты; бүткүл дүйнөнү курчаган коронавирустан сактануу жолдору тууралуу класс жетекчилердин, предметтик мугалимдердин, 1-11- класстын окуучуларынын активдүү катышуусу менен видеороликтер тартылып мектеп сайтына, ата -энелер жана окуучулар вотсап тобуна, социалдык тармактарга жайгаштырылды; "Кош бол, Алиппе!" майрамы өтүлдү; бүтүрүүчүлөргө арналган"Акыркы коңгуроо" салтанаты уюштурулду; класстык сааттар өткөрүлдү.

**Окуучулардын өзүн - өзү башкаруусу**

Мектептин тарбия берүү системасын куруунун багыттарынын бири мектеп окуучуларынын өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү болуп саналат .
Өзүн-өзү башкаруунун негизги мааниси, анын жардамы менен окуучулар билим берүү мекемесинин администрациясынын жетектөөчү чечимдерди кабыл алуусуна катышуу аркылуу да, мектеп процесстерин башкарууда өздөрүнүн активдүү иши аркылуу да мектеп турмушуна таасир этүүгө мүмкүнчүлүк алышат.
Негизги милдет – балдардын бош убактысында жашоосун уюштуруу, окуучулар ыктыярдуу жана каалоо менен ар кандай класстык жана мектептик иш-чараларга катышууга, өз алдынча болууга үйрөнүүгө, чыгармачылык индивидуалдык жана лидерлик сапаттарды өнүктүрүүгө, өз мүмкүнчүлүктөрүн баалай билүүгө жана дайыма өздөрүн таанууга аракет кылышат.
Окуучулардын өзүн - өзү башкаруусу советтерден турат: окуу; культмассалык; экологиялык; спорт; эмгек; редакция.

Окуучулардын өзүн - өзү башкаруу уюму Окуучулар Кенеши деп аталат. Кенешти Председатель жетектейт. Бул окуу жылында Окуучулар Кенешин 11-Б класстын окуучусу Сатыбалдиев Сухраб жетектеди. Кенештин ичине 8-11 класстын өкүлдөрү киришти. Окуучулар Кенеши жылына иш планын түзүп, иш - чараларга даярданып, өткөрүлгөн иш -чаралардын отчетун талдашат.

Окуучулар Кенешини даярдаган, катышкан иш-чараларга токтоло кетсек. Камкордук акциясы – мектеп чегинде жашаган 85 кары адамдын тизмесин түзүп, азык – түлүк куржунун тапшыруу. “Карылар – калк бактысы” видеороликтер сынагына даярдык жана катышуу окуучулардын өзүн – өзү башкаруу Кеңешине тапшырылып, Фисунов Илья (11-А) активдүү катышкандыгы үчүн Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын мактоо баракчасын алды. Окуучулар Кеңеши “Георгий лентасы” акциясын колдоп социалдык тамактарга жүктөштү, мектеп ичинде онлайн “Өлбөс полк» акциясын уюштурушту. Окуучулар Кеңешинин төрагасы Сатыбалдиев Сухраб жана мүчөлөрү СПИД менен күрөшүүнүн Бүткүл дүйнөлүк күнүнө арналган шаардык, БУУ балдардын укугу боюнча Конвенцияны кабыл алышынын 30 жылдыгына жана анын Кыргызстан тарабынан таанылышынын 25 жылдыгына арналган, окуучулар арасында укук, тартип бузууну алдын алуу максатында уюштурулган шаардык иш -чараларга катышышты. Окуучулар Кеңешинин мүчөлөрү толеранттуулукту калыптандыруу максатында ЮНИСЕФ уюму тарабынан откорүлгөн тренингдин активдүү катышуучуларынан болушту. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга камкордук жана колдоо, толеранттуулукту калыптандыруунун «Биз биргебиз!» бир айлыгы (20.11.19-20.12.19) ичинде өткөрүлгөн музыканын коштоосунда жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү аткаруу боюнча, жашоонун сергек мүнөзүн калыптандыруу максатында 7-8 класстар арасында “Баарыбыз чогуу бийлейли” сынагынын уюштуруучуларынан болушту.

Окуучулардын өзүн - өзү башкаруу ишмердүүлүгүн талдап жатып Окуучулар Кенеши тарабынан уюштурулган иш -чаралардын арбындыгы, сапаты кубантат, мектеп окуучуларынын көпчүлүгүн тарта алагндыгы болду, бирок дагы эле болсо Кенештин активиндеги окуучулардын санын аздыгы , мектеп

окуучуларынын арасында четтен байкоочу болуп турган окуучулардын көптүгү түйшөлтөт. Окуучулардын өзүн - өзү башкаруу ишмердүүлүгүнүн активинде кыздардын саны басымдуулук кылды, ал эми эркек балдардын активдин составында болууга кызыктар эместиги байкалды. Кенештин мүчөлүгүнө окуучуларды тартуу маселеси дайыма турат.

**Кесипке багыттоо**

Мектеп шартында бүтүрүүчүлөрдү кесипке багыттоо иши класс жетекчилер, мектеп психологу аркылуу ишке ашырылып жатты. Мектеп психологу тарабынан бүтүрүүчүлөрдү кесиптик багытта тестирлөө жүргүзүлүп, кенештер берилип турду.

Жыл ичинде окуучуларды кесипке багыттоо иш -чаралары орто , орто кесипчилик жана жогорку окуу жайлардын өкүлдөрүнүн катышуусунда да жүргүзүлдү. Окуу жайлардын өкүлдөрү окуучулар менен жолугушуу учурунда окуу жай тууралуу маалымат берип, кайсы кесиптер боюнча адистерди даярдаша тургандыгын, кандай шарттар бар экендигине токтолушту, окуу жай менен толугураак таанышууга сайтка шилтемелерди беришти. Жылына биз менен активдү үкызматташкан окууу жайлар: КУУ, КРСУ, КМЮА, Карасаев атындагы БМУ ж.б.

Окуу жайлардын ачык эшик күндөрүнө катышышты. Кесипке багыттоо окуу жылынын акыркы чейрегинде активдүү боло турган мезгилде коронавирус илдетине байланыштуу чектелип калды, бирок WhatsApp, ZOOM платформалары аркылуу ишке ашырыла берди.

**Класс жетекчилердин усулдук бирикмеси**

Тарбиялык иштеги жетекчилик ролду класс жетекчилер аныктайт. Жыл ичинде усулдук бирикме төмөнкү максаттарды жана милдеттерди чечип келген.

Максаты: «Класс жетекчилердин чеберчилигин жогорулатуу аркылуу тарбиялоонун формаларын жана методдорун өркүндөтүү".

Милдеттери:

- Мектептин тарбиялык иштеринин натыйжалуулугун жогорулатуу.
-Теориялык жана практикалык иштердин көйгөлөрүнө кызыгууну жана мугалимдин инновациялык ишмердүүлүгүнө даярдыгын жогорулатуу.
- Класс жетекчилерди илимий- усулдук, инновациялык ишмердүүлүккө активдүү киргизүү.
- Мугалимдердин жекече керектөөлөрүн эске алуу менен алардын чыгармачыл өсүшүн жогорулатуу.
- Тарбия иштерин уюштурууда практикалык жактан көмөк көрсөтүү.
- Класс жетекчинин иш тажрыйбасын изилдөө жана жалпылоо.

Усулдук бирикменин иши пландуу жана системалуу түрдө жүргүзүлүп, мектеп көйгөйлөрүн ишке ашыруу педагогика жана психологиянын жетишкендиктерин, инновациялык технологияларды эске алуу менен курулган. Класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин жыл ичиндеги кенештеринде тарбиялык иштин көптөгөн аспектилери ачылган. Айлык пландар талкууланып, такталган, тарбия иштеринин

бир айлыктарына, декадаларына, жумаларына пландары иштелип чыккан. Класс жетекчилер класстан тышкаркы иштерди өтүү тажрыйбасы менен бөлүшүштү. Усулдук бирикменини жыл ичиндеги кенештеринде клас жетекчилер таанышкан нормативдик документтер: Жоболор " Класс жетекчилик жөнүндө", "Ата – энелер комитети жөнүндө", " Укук бузуларды алдын алуу жөнүндө", " МИК коюу жана чыгаруу жөнүндө", " Жайсыз үй -бүлөнү көзөмөлгө коюу жөнүндө", "Класс жетекчинин портфолиосу жөнүндө"; " №52 ЖОББМ окуучусунун милдеттери", КР билим берүү мектептеринде балдарга карата зордук – зомбулук мамилени алдын алуу боюнча Билим берүү жана илим министрлигинин инструктивдик – усулдук каты,
Кыргыз Республикасынын 2021-2024-жылдары коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегиясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 180 «Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы, санитардык – эпидемиологиялык борбордун коронавирустук пандемия шартында алгоритмди сактоо боюнча нускамасы.

Тематикалык клаастык сааттар, жамааттык чыгармачыл иштер, мелдештер, таанып билүү оюндары, ангемелешүү, виртуалдык саякат уюштуруу, челленджлерди, презентацияларды жаратуу класс жетекчилердин негизги ыкмаалары жана методдору болду. Шартка байланыштуу окуу жылынын акыркы чейрегинде класс жетекчилер тарбия иштерин даярдоодо жана өткөрүүдө маалымат – коммуникациялык технологияларды, шоу-технологияларды, интернет-ресурстарды колдонушкан.

Класс жетекчилердин кызматтык иш кагаздары менен иш алып баруусу.
Окуучулардын күндөлүктөрү менен иш алып баруусу боюнча.

Окуучулардын күндөлүктөрүн текшерүүдө берилген эскертүүлөр:

- Күндөлүктүн титулдук барагында окуучунун сүрөтү жок же мөөр басылган эмес;
- Күндөлүктүн титулдук барагындагы окуучунун дареги, ата- энеси тууралуу маалыматтар толук эмес;
- Ата- энелердин милдетине кол коюлган эмес;
- Мугалимдердин аты-жөнү ката жазылган;
- Окуучунун каттам барагы жок же так эмес (1-7 кл);
- Сабактардын жана танапистердин жүгүртмөсү жазылган эмес же ката жазылган;
- Күнүмдүк жана чейректик баалар толук коюлган эмес;
- Чейректин жыйынтыгына ата-эненин колу коюлган эмес;
- Калтырылган сабактар жазылган эмес;
- Окуучунун сүрөтү чиймеленип салынган же сыйрылып алынган;
- 1-2 жума толтурулбаган күндөлүктөр.

Эскертүүлөрү көп күндөлүктөр : 3-В,4-В (Польшина Л.А), 5-В (Новохацкая Н.М), 4-Г (Бакаева Е.В), 9-Б ( Алпекова М.Р), 9-К (Кенжебаева М.И).
Текшерүүгө убагында берилбеген күндөлүктөр: 2-Г(Сулайманова А.Ж )

Классс жетекчилердин тарбиялык иш планын текшерүү боюнча.

Тарбиялык иш планы убагында текшерүүгө берилбеген класс жетекчилер: Данишевская А.А (1-В), Лоотус Е.А(1-Г),Сулайманова А.Ж (2Г), Алпекова М.Р (9-Б), Карабаева Г.Т(10-Б), Абдуллаева Ж.М(11-Б).

Тарбиялык иш планын текшерүүдө төмөндөгүдөй эскертүүлөр берилген:

- ✓ Жыл темасын жазуу;
- ✓ Класстын мүнөздөмөсүн толук чагылдыруу;
- ✓ Райондук, шаардык масштабдагы иш чараларды камтуу;
- ✓ Иш- чаралардын мөөнөтүн туура жазуу (айлык, жумалык ж.б)
- ✓ Окуучуларды ЖЖЭ, КЭ, ӨСЭ эрежелери менен тааныштырып кол койдуруу;
- ✓ 9-11 класстар үчүн кесипке багыттоочу иш -чараларды чагылдыруу;
- ✓ «Мен – Кыргызстандын атуулумун» тарбиялык планынын 6 багытын чагылдыруу;
- ✓ Планга жазылган иш -чаралардын аткарылышын камсыз кылуу;
- ✓ Тарбия планынын аткарылышы тууралуу кыскача анализ берүү (жыл ичинде 2 жолу).

Классс жетекчилердин ишти өз мөөнөтүндө аткаруу тартиби:

Новохацкая Н.М (5-В) "Окуучулардын милдеттери", "Ата – энелердин милдеттери" боюнча окуучулар жана ата – энелер кол коючу иш кагаздарын тапшырган жок.

Класс жетечилердин иш аракеттерине жасалган талдоо класс жетекчилердин жалпысынан алдына коюлган маселелерди ишке ашырып, функционалдык жана кызматтык милдеттерин аткарып жаткандыгын көрсөттү. Шартка байланыштуу окуу жылынын акыркы чейрегинде класс жетекчилер тарбия иштерин даярдоодо жана өткөрүүдө маалымат – коммуникациялык технологияларды, шоу-технологияларды, интернет-ресурстарды колдонушкан. Карантинге байланыштуу ата –энелердин үйдө болушу окуу тарбия иштерине активдүү катышып, класс жетекчилер менен байланышын бекемдеп, көптөгөн жамааттык чыгармачылык иштердин жаралышына түрткү болду.

Класс жетекчилердин арасында класс жетекчилик жана окуучулук иш кагаздар менен иш алып барууда, класстан тышкаркы иштерге окуучуларды массалык катыштырууда, тобокел тобундагы окуучулар менен иш алып барууда мүчүлүштүктөр бар экендиги билинди.

2019- 2020-окуу жылында тарбия иштеринин планын ишке ашырууда белгилей кетүүгө татыктуу учурлар:

1.Иш -чаралардын денгээлине онлайн форматы терс таасирин тийгизбестен, окуучулардын, ата –энелердин, класс жетекчилердин, сабак берген мугалимдердин чыгармачылыгынын өркүндөөсүнө, изденүүсүнө түрткү болду. Тарбия иштери боюнча пландаштырылган иш -чаралар толугу менен ишке ашырылды.
2.Класс жетекчилер пандемия шартында тарбия иштерин ийгиликтүү алып баруу максатында мурда колдонулбаган информациялык – коммуникативдик

технологиялар WhatsApp, электрондук почта, ZOOM, Google Classroom, Google Forms платформаларын ж.б өздөштүрүп, колдонуп кете алышты.

3. Атуул - патриоттук , ыймандуулукка тарбиялоо багытында уюштурулган иш чаралардын жакшы денгээлде өткөрүлүшү жана үзүрлүү болушу. Райондо "Карылар – калк бактысы" видеороликтер сынагында 2- орун; "Фронттун каттары» акциясынын чегинде «Өлбөс каттар » аттуу 8 видеоролик даярдалып , бешөө социалдык тармактарга жайгаштырылган. Алардын ичинен калыстар тобунун чечими боюнча 5-А класстын иши «Евразиялык тандоо» бөлүгүнө жүктөөгө татыктуу болду. Тарых мугалими Ахметшин Р.Ю тарабынан даярдалган видеоролик Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган «Аталардын эрдигин даңктайбыз» аттуу республикалык онлайн- фестивалына жиберилди. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган «Аталардын эрдигин даңктайбыз» аттуу республикалык онлайн- фестивалында «Көркөм окуу» номинациясы боюнча 8-А класстын окуучусу Кузнецова Влада, 4-Б класстын окуучусу Дуйшоева Рояна, 5-А класстын окуучусу Кадырбеков Айдар дипломант наамдарына ээ болушуп диплом менен сыйланышты. Биздин окуучулар Россияда өткөрүлгөн онлайн фестивалга катышып дипломдорго ээ болушту: Максим Логинов (3-А), Нурбаева Арууке (3-А).

4. Мектеп командасы «Мектеп лигасы» шаардык спорт программасынын бардык түрлөрү боюнча мелдештерине катышып райондук этаптарда байгелүү орундарга ээ болушту.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана ЮНИСЕФ Эл аралык толеранттуулук үчүн фонду демилгеси аркылуу ишке ашырылуучу "Балдар менен жаштарга жагымдуу шаар" социалдык инновациялар лабораториясына сынактык шартта биздин мектептин 10-А классынын 4 окуучусунан турган (Круглова Дарья, Сарбатырова Акылай, Уранова Зебуниса, Абдраимова Айчурек) топ кирди. Биздин мектептин тобу таштандыларды сорттоп чогултуу боюнча проект жазышып, бул проектисин ишке ашырууга акчалай сертификат алышты. Мектепке ноутбук берилди.

6.Окуу – тарбия иштерине ата – энелерди тартуу активдештирилди. Ата – энелердин катышуусунда тарбиялык мааниси бар видеороликтер, челлендждер, презентациялар даярдалып, мектеп сайтына киргизилди.

Көйгөйлөр:

- Окуучулар арасындагы чатактарды чечүү учурунда класс жетекчилерде окуучунун жашоо шарты тууралуу так маалыматтын жоктугу, класстагы окуучулар арасында чатакка алып келчү мамилери тууралуу кабардар эместиги көрүндү. Бул көйгөй рейддик иш -чаранын сапатынын төмөндүгүн айгенеледи. Класс жетекчиге окуучу жана анын үй – бүлөсү, жашоо шарты тууралуу толук маалыматтуу болууга умтулуу шарт.

- Кээ бир класс жетекчилердин кызматтык жана функционалдык милдеттерине үстүртөдөн мамиле кылышын далилдеди. Кызматтык иш кагаздар менен иштөөдө.
- Сабак берген мугалимдер, класс жетекчилер тарабынан кечиккен жана мектеп формасын бузган окуучулар жана алардын ата-энелери менен иш алып барылбайт же төмөнкү денгээлде (администрацияга гана жүктөлгөн); окуучулар арасындагы чыр чатактарды чечүүдөн оолакташып, мектеп администрациясына ээрчитип келүү адатка айланды;
- 1-8 класстын окуучуларынын мектеп ичинде өзүн алып жүрүү денгээлинин төмөндүгү.

2019-2020- окуу жылындагы тарбия иштеринин анализинин негизинде тарбия иштеринин алдына коюлган милдеттердин жалпысынан аткарылышын белгилеп, мектептин тарбиялык багыттагы иштери канааттандыраарлык деп табылсын.

Жогоруда айтылган көйгөйлөрдү эске алуу менен жаны окуу жылына коюлуучу милдеттер:

- Окуучулардын арасында тартип жана укук бузууларды алдын алуу максатында системдүү иш алып баруу;
- Окуучуларынын мектеп ичинде өзүн алып жүрүү денгээлин жогорулатуу максатында тарбия иштерин алып баруу;
- Класс жетекчилер, сабак берген мугалимдер тарабынан окуучулардын мектепУставын бузуусун (сабакка кечигүү, мектеп формасынын сакталбагандыгы, укук бузууга баруусу) алдын алуу боюнча иш аракеттер жүргүзүлсүн;
- Класс жетекчилер тарабынан функционалдык жана кызматтык милдеттерин жоопкерчиликтүү аткаруусу талап кылынат.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары:

Абылмеизова А.У